**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин «Кыргыз Республикасынын электр энергиясынын (кубаттуулуктун) дүӊ рыногунда электр энергиясын эсепке алуу каражаттарын орнотуу, алмаштыруу жана эксплуатациялоо эрежелерин бекитүү жөнүндө» буйрук долбооруна**

**МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ**

**1. Максаты жана милдеттери**

Буйруктун долбоорунун максаты Кыргыз Республикасынын электр энергиясынын дүӊ рыногунун катышуучулары үчүн электр энергиясын эсепке алуу алеттерин тейлөөдө бирдиктүү талаптарды түзүү болуп саналат.

Буйруктун долбоорунун милдети бөлүү чектеринде эсепке алуу алеттерин тейлөөдө Кыргыз Республикасынын электр энергиясынын дүӊ рыногунун катышуучуларын методикалык камсыз кылуу болуп саналат.

**2. Сыпаттоочу бөлүгү**

Эрежелердин долбоорунда бөлүү чектеринде орнотулган эсепке алуу алеттерин алмаштырууну тейлөө жана өндүрүү боюнча электр энергиясы дүӊ рыногунун катышуучуларынын ортосундагы өз ара аракеттер каралган.

Ушул Эрежелер электр энергиясынын агымдары жана көлөмдөрү боюнча өз ара эсептер жүргүзүлгөн дайындардын негизинде, бөлүү чектеринде орнотулган электр энергиясын эсепке алуу алеттерин тейлөө бөлүгүндө өз ара мамилелер боюнча электр энергиясынын дүӊ рыногунун катышуучуларынын метрологиялык кызматтарынын кызматкерлерине, ошондой эле «Кыргыз Энергетикалык Эсептөө Борбору» ачык акционердик коомунун кызматкерлерине арналган.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Буйрук долбоорду кабыл алуу терс көрүнүштөгү социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерди алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары боюнча маалыматтар**

Кыргыз Республикасынын “Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамынын 22-беренесине ылайык жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тикелей тиешеси болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорлору, ошондой эле ишкердик иш-аракетти жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлору ченем чыгаруучу

органдын расмий сайтына жайгаштыруу жолу менен коомдук талкуулоого жатат.

Сунушталган буйруктун долбоору юридикалык жактардын кызыкчылыктарын козгогондуктан, буйруктун бул долбоору коомдук талкуулоо жол-жобосун жүргүзүүнү талап кылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Буйрук долбоор колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы тууралуу маалымат.**

Буйрук долбоорду кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча каржылык чыгымды талап кылбайт.

**7. Жөндөө таасирин талдоо боюнча маалымат**

Ишкердик ишмердүүлүктү жөнгө салууга багытталбагандыктан, сунушталган долбоор жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт.

**Министр** **Т.О. Ибраев**